Эй, Билал, намазга чакыр жана намаз менен бизди эс алдыр

Салим бин Абу аль-Жаад риваят кылат: "Бир адам айтты: "Мен намаз окуп, эс алсам гана" - деди эле сахабалар бул үчүн аны айыптагандай болушту. Ошондо ал айтты: "Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: "Эй, Билал, намазга чакыр жана намаз менен бизди эс алдыр".

[Сахих (ишенимдүү)] [Абу Дауд жазып калтырган]

Сахабалардан бир киши: "Мен намаз окуп, эс алсам гана" - деди. Анын айланасындагылар аны жемелеп жаткандай болушту. Ошондо ал айтты: "Мен Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дегенин уктум: "Эй Билал! Азан айт жана намазга такбир айт! Биз намазда эс алабыз. Себеби анда Аллах Таалага кайрылуу жана рух менен жүрөктүн эс алуусу бар".

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65095

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee